# ХРИСТИАНДАРДЫН БӨЛҮНҮҮ ПРОЦЕССИНЕ ЖАЛПЫ КӨЗ КАРАШ

Докт. Ахмед Хикмет Эроглу*

## Сөз башы (Киришүү)

Христиандык жактоочуларынын санына караганда дүйнөдөгү эң чоң диндердин бири болуп эсептелет. Алгач Палестина аймагында пайда болуп, «Христиан» сөзү Ыйсанын жолун жолдоп, ал үгүттөгөн динге ишенгендерге карата айтылган. Бул сөз (термин) Аз. Ыйсадан кийин[1] б.з. 60- жылдарынан баштап кеңири колдонула баштаган. Мындан мурда Аз. Ыйсанын жолдоочуларына "бир туугандар", "достор" же "ишенгендер" сыяктуу наам берилген[2]. Бирок бул терминдер эч бир убакта жекече өзгөчөлүктөргө ээ болгон диний коомдун аты болгон эмес. XVI кылымдан баштап "Христиан" термининин ордуна "Православ", "Католик" жана "Протестант" терминдери көбүрөөк колдонула баштаган. Бул терминдер көпчүлүк учурда христиан агымдарын таанытуу үчүн колдонулган. Кээде "Православ дини", "Католик дини", "Протестант дини" сыяктуу аталыштар кандайдыр бир динди көрсөткөндөй эле колдонулуп келген. XX кылымдын ортолоруна чейин «православ, католик, протестант» деп аталган коомдордун бири-бирин «каапыр, адашкан» деп күнөөлөөсү жана ар бири өздөрүнөн башкаларын христиан деп таанибоолору алардын бөлүнүүсүнө эң негизги себеп болгон.

Азыркы учурда өздөрүн «христиан» деп атаган бир канча коомдор дүйнөнүн ар бир булуң-бурчунда өздөрүнө жактоочуларды тартуу үчүн иш аракеттерди жүргүзүп жатышат. Чындыгында, бул коомдорду кеңири таанып билүү үчүн алардын тарыхын жана ал коомдун пайда болушунун себептерин билүү зарыл. Бул изилдөөбүз, учурда өздөрүн «христиан» деп таанытkan коомдордун өз ара бөлүнүүсүнө себеп болгон теологиялык талаш-тартыштарды ачып көрсөтүү жана эски тарыхынан тагыраак маалымат берүү максатын көздөйт. Бул макалабызды Православдык, Католиктик жана Протестандык агымдардын пайда болушу менен чектейбиз.

---

* ОшМУ, теология факультети

[1] "Христиан" термини биринчи жолу ыйык китептер жыйнагынын ичинде болгон жана Исадан кийинки окуяларды баяндаган "Жактоочулардынб иштери" бөлүмүндө колдонулган. Кар. Жактоочулардын иштери, XI/26.

[2] Voltaire, Felsefe Sözlüğü (çev.Lütfü Ay), İstanbul 1995, I/456.

**А. Чыгыш жана Батыш чиркөөлөрүнүн бөлүнүүсүнөн мурдагы христиандыктын ичинде пайда болгон ажыроолор.**

Аз. Исага ишенгендердин арасындагы алгачкы келишпестик Иуда (жөөт) шариятынын өкүмдөрүн кабыл алып, кабыл албоодон келип чыккан. Христиандык алгач Иудалардын арасында жайыла баштаган. Иерусалимде жашаган Иудалардын ичинен Аз. Исага ишенгендер Иуда шариятынын өкүмдөрүн аткарып келишкен. Ал эми диаспоралык (Палестина аймагынын сыртында жашаган) жөөттөр көбүнчө Гректерден таасирленгендигине байланыштуу, Иуда шариятын аткарууга моюн сунган эмес. Ошентип, ушундай чөйрөдө өсүп чыккан Павлос, Грек маданиятынан таасирленген диаспоралык жөөттөрдүн ичинде Аз. Исага ишенгендердин эң белгилүүсү болгон[3]. Алгачкы жылдарда Христиандардын эң катуу душмандарынан болгон, кийинчерээк Исанын жактоочулары катары эсептелген Павлос, Иуда шарыятынын өкүмдөрүн аткаруу христиан дининин Путпарастар арасында жайылуусуна эң чоң тоскоолдук болгонун байкаган. Ал христиан динин кабыл кылгандан кийин диндин жол-жоболорун аткарууга караганда анын жайылуусуна өтө көп маани берген жана ошол себептен миссионердик иш-аракеттерин жүргүзө баштаган. Ошол максат менен биринчи саякатын Антакияга, кийинчерээк Анадолудагы синагогдорго өзүнүн көз-караштарын пропагандалаган. Анын ой пикири Еврейлердин арасында колдоого алынбагандыктан путпарастарга багытталган. Ошондуктан путпарастарга христианчылыкты үгүттөгөндүгү үчүн Павлоско "Бейтааныштардын жактоочусу" деген наам берилген[4].

Павлос христиан дининин путпарастардын арасында оңой жайылуусу үчүн жаңы динди туткандардын Иудаизмдин шарият принциптеринин бири болгон «сүннөткө отуруу» сыяктуу адам-баласына оор келген өкүмдөрүн жок кылган. Павлостун берген бул жеңилдиктери жана христиан болгондордун Иуда шариятына баш ийип- ийбөө же болбосо алардын кайсынысына канчалык баш ийүү зарылчылдыгында талаш-тартыштардын келип чыгуусуна себепкер болгон. Ушул келишпестиктин чечилүүсү үчүн Павлос Иерусалимге келип, ушул жерде 49-50 жылдарда "Жактоочулардын курултайы"- деген курултай өткөргөн. Бул курултайда ал Анатолиядагы христиандаштырган адамдардын ал-абалы жөнүндө айтып, христиандардын санынын көбөйүшү үчүн бул динди жаңы кабыл ала тургандарга жеңилдик көрсөтүүнүн зарылчылыгын баса белгилеген. Курултай путтарга курбандык чалууну, каны арам болгон айбандардын этинен пайдаланууну жана зына (никесиз карым-катнаш) кылууга тыюу салган. Путпарастардын жаңы динди кабыл алгандарына башка шарияттарды кошпоого чечим чыгарган[5]. Бул курултайдан кийин Павлос христиандар арасында үстөмдүккө ээ болгон. Алгачкы этапта ишеним жана адеп-ахлактан сырткары, өкүмдөр тууралуу келип чыга турган талаш-тартыштар жана Аз. Исаны кудайлаштыруу процесси тууралуу талаш-тартыштардын башталышын күчөткөн[6].

---

[3] Claude Prudhomme, Histoire des Chretins, Paris 1992, 20.

[4] Mehmet Aydın, Hıristiyan Kaynaklarına Göre Hıristiyanlık, T.D.V. yayınları, Ankara 1995, 19.

[5] "Жактоочулардын иштери", XV/29; Кеңири маалымат караңыз: Ekrem Sarıkçıoğlu, Başlangıçtan Günümüze Dinler Tarihi, İstanbul 1983, 217-218.

[6] Günay-Tümer-Abdurrahman Kücük, Dinler Tarihi, Ocak yayınları, 3.Baskı, Ankara 1997, 268.

Жактоочулар курултайынан кийин, христиандар 2 агымга бөлүнгөн. Алардын бири Павлостун ой-пикирлерин колдогон тарап, ал эми экинчи тарап "Иудаист-христиандар" болгон.

Бул бөлүнүү Павлостун Галатиялыктарга жазган катында Петрюска "Сүннөткө отургузуу буйругун камтыган Инжил", ал эми өзүнө "Сүннөткө отургузуу буйругу болбогон Инжил"дерин берүүсү тууралуу айтылган сөздөн көрүнүп турат[7]. Аз. Исадан кийин II кылымдын орто ченине чейин Повлосчул христиандар менен Иудаист христиандардын ортосундагы бул күрөш өтө орчундуу түрдө улантылган[8].

Жогоруда айтылгандай, Павлос христиан ишенимин путпарастар арасында жаюуну көздөгөн.Ал эми башка жактоочулар Иудаистер арасында жаюуга аракет кылган. Экинчи агымдын жолдоочулары Иудаиздин кээ бир негиздерин, айрыкча, жалгыз Кудайга ишенүүнү колдогон[9]. Аз. Исанын "Тоодогу насыйкаты" катары билинген жана Матта инжилинде айтылган[10]. Жакырчылыкты негиз кылып алышкандыктары үчүн алгачкы христиан агымына "Эбиониттер" (кембагалдар) наамы берилген. Эбиониттер агымы IV кылымга чейин жашашкан, кийинчерээк Павлос колдоочуларынын санынын көбөйүшү менен христиандыктын жаңы пайда болгон маңыздын себебинен булардын аттары тарых беттеринен өчкөн[11]. Азыркы учурда да христиандардын көпчүлүгү Павлостун көз карашын улантып келүүдө.

Христиандык II кылымдын аягында Анатолиядан Римге чейинки кеңири географиялык алкакка жайылган. Христиандыктын бул доордогу жайылуусу негизинен Рим империясынынын чек арасынын ичинде болгон Христиандыктын жайылышынын алгачкы этабында Рим империясы аларга кысым көрсөткөн. Император Константиндин 313-жылында Милан долбоорун жарыялоосу менен алар кеңири дин тутуу эркиндигине ээ болушкан.[12] Башында путпарастардын императору болгон Константин, ошол мезгилден кийин жергиликтүү калктын христиан динин кабыл алуусунун натыйжасында христиандардын императору болгон. Ушул мезгилден кийин христиандыкты расмий дин кылып, путпарастарга кысым көрсөтө баштады.

381-жылы чогулган Стамбул курултайында Христиандыктын эң негизги ишенич принциби катары белгиленген «Үчтүк» (тринита) ишеничи Павлос тарабынан негизделген. Бул ишеничке алгачкы жылдардан баштап терс сын-пикирлер айтылып христиандар арасындагы келишпестиктер IV кылымда Ариус, менен кайрадан жанданды. Ариус, ата же болбосо «Кудайдын» түбөлүктүүлүгү жана төрөлбөгөндүгүн, анын «уулу болбогондугун башкача айтканда «Ыйсанын» ата тарабынан жаратылуусу менен бирге экөөнүн бирдей касиетке ээ эместигин ортого койгон. Ал бул көз карашы менен Ыйсанын кудайдыгын четке каккан. Ошондуктан Искендерия патриги Ариусту четтеткен жана чогулткан жергиликтүү курултайында ушул чечимин бекиткен.[13]

Арианизм динден четтелгендигине карабастан Рим империясынын ичинде өз таасирин жоготкон жок, тескерисинче күчтөндү. Ошол себептен император

---

[7] "Галатиялыктарга кат", II/7.

[8] Maurice Bucaille, Kitab-ı Mukaddes, Kuran ve Bilim (которгон:Suat Yıldırım) 82-б.

[9] Маалымат үчүн караңыз: Tümer-Kücük, a.a.a, 268-б.

[10] Маалымат үчүн караңыз: Матта инжили. V/1-11.

[11] Маалымат үчүн караңыз: Sarıkçıoğlu, a.a.a., Tümer-Kücük, 314-315.

[12] Paul Lemerle, Histoire de Byzance, PUF, Paris 1948, 18

[13] Маалымат үчүн караңыз: Lemerle, a.a.a, 19

Константин христиандар арасындагы келишпестиктерди жок кылуу үчүн Изникте 325-жылы бир курултай уюштурган. Бул курултай Христиандыктын тарыхында өтө маанилүү доор болуу менен курултайда чоң талаш-тартыштар болуп, натыйжада уулдун (Иса) Ата менен бирдей касиетүүлүгү далилденген. Айрыкча Ариус динден куулган жана көз-караштары четке кагылган[14]. Ошону менен арианизм агымы IV кылымдын аягына чейин өкүм сүргөн. Христиандыктын алгачкы жылдарындагы талаш-тартыштардын натыйжасында келип чыккан жана «арианизм» деп аталган агымдын бүгүнкү күндөгү христиан агымдардан болгон. «Үчтүк» ишенимин кабыл кылбаган унитерианизмдин пайда болушунда маанилүү таасир тийгизгендигин айтсак жанылышпайбыз. Унитериендер христиандардын азыркы мезгилдеги үчтүк ишеничин негиз кылып алышкандыгы жана биримдүүлүгүн күчөтүү үчүн жасаган иш-аракеттеринде да христиандарга кошула алышпаган.

Ариустан кийин христиандардын арасындагы орчундуу бөлүшүүлөрдүн бири Ностариустун (өлүм 4 б.з. 450) Ыйсанын инсан-Кудай эместигин, бирок, Ыйса төрөлгөндөн кийин Логостун кириши менен Кудай бөлүүсүн айтканда көптөгөн талаш-тартыштар келип чыккан. Ушул себептен Аз. Мариямды «теңирдин энеси» (Теотокос) дебестен, аны Ыйсанын энеси (Кристодокос) деп айтууну туура көргөн.[15] Ариустукуна окшобогон, бирок 325-жылы уюштурулган Изник курултайынын чечимдерине карама-каршы келген Носториустун ой-пикирлери дагы Ыйсанын теңирдигине шек келтире турган көз караштар катары эсептелген.

Рим папасы тарабынан Носториустун ой-пикирлери менен күрөшүү үчүн дайындалган Искендериянын психопосу Крилл (Chille) ушул максат менен көптөгөн иш-аракеттерди жасаган жана анын ой-пикирлерин жокко чыгаруу максатында далилдерди көрсөткөн. Бирок буга канааттанбаган папа Римде жергиликтүү курултай уюштуруп Ностариусту динден четтеткен. Ностариус Папанын бул чечиминен кийин дагы ой-пикирлерин жайылтууну уланткан. Ностариус тарабынан башталган бул иш аракеттерди токтотуу үчүн, 431-жылы Искендерие жана Рим эпископ жетекчилигинде, христиандар тарабынан 3-жалпы курултай деп эсептелген Ефес курултайы уюштурулган. Бул курултайда Ностариустун пикирлери четке кагылып, Мариямды «Теңирдин энеси» (Теотокос) деп атоого чечим чыгарылган.[16] Византия мамлекетинин ичиндеги зордук-зомбулуктардын натыйжасында жайылууга мүмкүндүк таппаган Ностариустун ой-пикирлери Иран аркылуу Орто Азияга чейин жеткен.[17] Бирок исламдын Орто Азияга жайылышынан кийин ностариизм өз таасирлерин жоготкон. Ал эми азыркы учурда Иран жана Иракта аз сандагы ностурийлер жашоодо.[18]

---

[14] Mehmed Aydın, Müslümanların Hıristiyanlara Karşı Yazdığı Reddiyeler ve Tartışma Konuları, S.Ü. Yayınları, Konya 1989, 120-121.

[15] Aydın, a.a.a., 122-123; Felicien Challaye, Dinler Tarihi (çev. Semih Tiryakioğlu), Varlık Yayınları, II. Baskı, İstanbul 1963, 206.

[16] Jean-Michel Bilioud Histoire des Chretins d'Orent, Editions l' Harmattan, Paris 1995, 49-50; Mehmet Aydən, Hiristiyan Genel Konsilleri ve II. Vatikan Konsili, Konya 1991, 17.

[17] Ностуриликтин Орто Азияга жайылышы туурасында кеңири маалымат үчүн караңыз: Ünver Günay-Harun Güngör, Başlangıçtan Günümüze Türklerin Dini Tarihi, Ankara 1997, 141-147.

[18] Кеңири маалымат үчүн караңыз. G. Barker, O'nun İzinde, İstanbul 1985, 60.

Ностариус тарабынан негизделген Ыйсанын теңирдик табийгатын кемсинтүү сыяктуу көз караштарга каршы кайрадан Ыйсанын теңирдик табийгатына өзгөчө маани бериле баштаган.[19]

Алардын бири болгон Eutyches, Искендерие эпископу Крилле (Cherille) бул темадагы көз караштарын өнүктүрүп Ыйсанын 2- табигатынын; инсан болгондон кийин жалгыз жана теңирдик табигатка айлангандыгы, Ыйсанын инсаний табиятынын иллахий табияттын ичинде эригендигин баса белгилеген[20]. Анын ою боюнча океанда бир тамчы уксустун жоголуп кетүүсү сыяктуу теңирдик табиятына бүт бойдон эрип кеткен.[21] Крилл тарабынан башталган жана Еутичес (Eytuches) тарабынан системалаштырылган бул идеяны колдогондорду Ыйсанын жалгыз табияттуулугун кабыл алышкандыктары үчүн «Жалгыз табигатчы» (монофизит) наамы менен аташкан.[22] Рим империясындагы түрдүү ишенимдердин натыйжасында пайда болгон талаш-тартыштардан тынчсызданган император Марсен бул айырмачылыктарды жоюу үчүн 451-жылы Кадыкой курултайын уюштурган. Христиандар тарабынан «төртүнчү жалпы курултай» деп эсептелген бул курултайда Ыйсанын толук калыптанган, бири-биринен ажырабаган, бирок бири-бирине да аралашпаган 2 табияты болгондугун кабыл алышып, монофизик доктринасын четке кагышкан.[23] Ошентип император дагы курултайдын уюштуруучусу катары курултайдын чечимдеринин күбөсү болгон.

Кадыкой курултайында монофизик идеясынын четке кагылышы менен Византиянын чыгыш аймактарында, өзгөчө Сирия жана Египетте монофизик идеясына баш ийген жергиликтүү тургундар саясий проблемаларды көтөрүшкөн жана алардын борбордук башкаруудан алыстоосуна себепчи болгон. Монофизик идеясын жактагандар, Кадыкой курултайында күнөөлөнгөндүгүнө карабастан өздөрүнүн ой-пикирлеринен баш тарткан эмес. Алардын диний карама-каршылыктары саясатташкан жана Египет чиркөөсүндөгү ыбадаттарында грек тилинин ордуна кыпт тилин пайдаланышкан. Ушул себептен мусулмандарды Египетке келишкенде ишенич айырмачылыгынан улам өз диндештеринен кордук көргөн киптилер куткаруучу катары тосуп алышкан[24]

Кадыкөй курултайынын чечимдерин саясий башкаруунун көмөгү аркылуу зордук-зомбулук менен кабыл кылдыруусунан кийин Искендерия, Антокия, Ерусалимде кагылышуулар чыккан[25]. Мисир (Египет) жана бир убакыттарда настурилердин борбору болгон Сирия, Кадыкөй курултайында кабыл алынган догмаларды четке каккан, жана «эки табигатчы» (Diyfizit) ишенимин кабыл алган Византия чиркөөсү менен монофизит Сирия чиркөөсүнүн бөлүнүү процесси башталган.[26]

Бул бөлүнүү ар түрдүү христиан коомдоруна да жайыла баштаган. Анткени армяндар менен Византия империясы ортолорундагы саясий себептерден улам Кадыкой курултайына катышпаган жана курултайдын

---

[19] Ali İsra Güngör, Vatikan, Misyon ve Diyalog, Ankara 1997, 17.
[20] Georg Ostrogorsky, Bizans Devleti Tarihi, (çev. Fikret Işıltan, Ankara 1991, 54.
[21] Mustafa Erdem, "Kipti Kilisesi Üzerine Bir Araştırma", A.Ü.İ.F. Dergisi , Ankara 1997, XXXVI/155.
[22] Barker, a.a.a., 47.
[23] Маалымат үчүн караңыз: G. Ostrogorsky, 55.
[24] Маалымат үчүн караңыз: Erdem , а.а.м., 158.
[25] A.Vasiliev, Bizans İmaparatorluğu Tarihi, (çev. Arif Mufid Mansel, Ankara 1943, I/130-131.
[26] Ostrogorsky, 55.

чечимдерин кабыл алышкан эмес. Ошондуктан монофизик ишенимин колдоп, улуттук чиркөө түзүүгө багыт алышкан.[27] Азыркы учурда да армяндардын басымдуу бөлүгү монофизит агымынын жолун жолдоп келүүдө.

Кадыкөй курултайынан кийин монофизик доктрлугун жактаган чиркөөлөр негизги өзөктөн бөлүнүп, жекече чиркөөлөрдү курушкан. Азыркы күндө, монофизит агымын колдогон үч негизги чиркөө бар. Булар: Жакубий чиркөөсү, Кыптий чиркөөсүү[28] жана Армян чиркөөсүнөн турат.[29]

## Б. Провослав жана католик агымынын чыгышы

Христиандык чыгышта жана батышта тарыхый себептердин натыйжасында түрдүү өнүгүү процессинен өткөн. Алгач Рим империясынын оор кысымдарына дуушар болгон христиандар 313-жылдагы Милан билдирүүсүнүн жарыяланышынан кийин дин тутуу эркиндигин колго алып, бейпилдикте жашашкан. Бир нече жылдан кийин христиандык Рим империясынын расмий динине айланган. Натыйжада императорлор диний өкүмдөргө жана теологиялык илимдерге кийлигише баштаган. Мунун жандуу мисалы катары 325-жылы ариусчулукка каршы Изникте курултай уюштуруунун чечимин император Константин бекиткен.[30]. Византия императорлорунун түшүнүгү боюнча бул дин тагдырына дүйнөнү башкаруу жазылган император тарабынан аныкталгандыгы жана калкты зордук-зомбулук менен баш ийдирген расмий дин болгон. Анык ишенич менен адашкандыктын аныкталышында дин саясатка таасир бере алат. Тарыхчылар христиандыктын тузулуштун чиркөө-мамлекет карым-катнаштыгынын ушундайча тартибине Сезаро-папизм терминин колдонушкан.[31]

Чыгышта христиандык Византиянын кол астында мамлекет динине айланып, батышта папалардын таасири күчтүү болгон өзгөчө дин түшүнүгү түрүндө кайра курулган. Мунун натыйжасында кезегинде батыштын эн таасирдүү диний жетекчилеринен бири болгон Милан эпископу Амброисе (Ambroise) руханий башкаруунун дүйнөлүк башкарууга каршы эгемендүүлүгүн жарыялаган.[32]

Император Константин доорунда Рим империясынын борбору болгон Стамбулда «Жаңы Рим» наамы менен таанылган. 381-жылы император Теодос I мамлекетиндеги проблемаларды чечүү үчүн уюштурган курултайда жаны борбору болгон Стамбул патриархынын башка патриархдар алдындагы ордун жогорулаткан. Анын ою боюнча Стамбул «Жаны Рим»деп кабыл алынган. Ошондуктан анын патриархына жаңы укук берүү менен Рим эпископунан (пап) кийинки орунда болуш керек эле.[33]

Кайра куруудан кийин Стамбул патриархынын Рим эпископунун (пап) алдындагы статусу Кадыкөй курултайында ачык- айкын белгиленген. Бул жагдай курултайдын 28-статьясында каралган жана папага биринчи орун берилсе дагы «Жаңы Рим» жана «Эски Рим» эпископтору жоопкерчилик жагынан

---

27 Tümer-Küçük, a.a.a., 307.

28 Маалымат үчүн караңыз, Erdem, .а.а.м., XXXVI/143-178.

29 Bkz. Abdurahman Küçük, Ermeni Kilisesi ve Türkler, Ankara 1997.

30 Vasiliev. a.a.a., 66-67. Б.

31 Lemerle, a.a.a. 38; Auguste Bailly, Bizans Tarihi, (çev. Haluk Şahin), İstanbul tarihsiz, 1/93.

32 Lemerle. a.a.a. 34-б.

33 Lemerle a.a.a., 37.

теңдеш статуска ээ болушкан берген.[34]. Анткени, бул статья Стамбул патриархына Римдеги папага берилген укуктар сыяктуу Анатолиядагы жана Тракиедеги попторду дайындоо укугун берген,[35]. Рим папасынын өкүлдөрү бул чечимге канчалык каршы чыккандыктарына карабастан, аны өзгөртүүдө ийгиликке жетишкен эмес. Кадыкой курултайында кабыл алынган бул чечим, эки чиркөө ортосундагы кылымдар бою өкүм сүргөн жана азыркы күнүбүзгө чейин анын таасирлери жана натыйжалары душманчылыктын башталгычы болуп эсептелүүдө.[36]

Кадыкөй курултайынын 28-статьясынын негизинде Христиан дүйнөсүндө бул 2 каршы жактардын арасында көптөгөн жылдар бою талаш-тартышуулар болуп келген. Чыгыш жана Батыш чиркөөлөрүнүн арасындагы ушул бөлүнүнүүнүн дагы башка себептери болгондугу шексиз. Батышта папа Григорийдин VII кылымда жасаган реформасы алардын бирөө болуп эсептелет. Григорий бул реформанын натыйжасында папалык монорхиялык уюмга айландырылып, папа дүйнөлүк христиандардын алдында жалгыз руханий жактан эмес материалдык жактан дагы толук укуктуу статуска ээ болушун каалаган.[37] Папалыктын ушундай жол менен бийликти толугу менен колуна алууга аракетенүүсү Чыгыштагы Антиокия, Искендерия, Иерусалим патриархтарынын дагы укуктарынын чектелүүсүнө алып келген. Ошол себептен алардын Римге карата нааразычылыктары пайда болгон.

Айрыкча, папа 800 жылды, Шерлионага (Charlmange) таажы кийгизип, аны Ыйык Рим империясынын падышасы кылып жарыяланган.[38] Ушундан улам Византия империясынын Стамбул патриархын колдогон (Рим эпископу (папа) менен теңдеш укукка ээ болуусуна карабастан) папа дагы Шорлманга таажы кийгизип, ага Византия империясы менен теңдеш укуктуулук берген.

Чыгыш жана Батыш чиркөөлөрүнүн бөлүнүүсүнө себеп. Алардын арасындагы тил айырмачылыгы Чыгыш жана Батыш чиркөөлөрүнүн бөлүнүүсүнө себеп болгон факторлордон бири болуп эсептелет. Чыгыш чиркөөлөрүндө грекче, ал эми Батыш чиркөөлөрүндө латын тилинин басымдуулугунун натыйжасында бул эки чиркөөнүн жактоочуларын бири-бирин түшүнбөстүккө алып келген. Уюштурулган ар кандай курултайда башка-башка тилдер колдонулгандыктан туура эмес түшүнүктөр пайда болгон.[39] Айрыкча ыйман темасындагы талаш-тартыштарда алардын бири-бирин жаңылыш түшүнүүлөрүнөн улам дагы башка маанилүү проблемалар келип чыккан.

Чыгыш жана Батыш чиркөөлөрүндө теологиялык проблемаларда пайда болгон, диний практикалар жагынан дагы айырмачылыктар келип чыккан. Чыгыш чиркөөлөрүндө поптордун үйлөнүүсүнө уруксат берилип жатканда, Батыш чиркөөсүнүн руханий таптык мүчөлөрүнүн үйлөнүүсүнө тыюу салынып жаткан. Нан, шарап ибадаты (Evharistiya), Батыш чиркөөсүндө «ачыткысыз нан», ал эми чыгыш чиркөөлөрүндө «ачыткылуу нан» колдонуу адаты жайылган. Ушул бөлүнүү дин кызматчыларынын сырткы көрүнүштөрүндө таасирдүү роль ойноп,

---

[34] Ostrogorsky, a.a.a. 55.

[35] Vasiliev, a.a.a., 131.

[36] Woltaire. a.a.a., I/456.

[37] Маалымат үчүн караңыз: Olivier Clément, "Ortodoksuluk Mezhebi", Din Fenomeni, (çeviren Mehmet Aydın), Konya 1992, 204.

[38] Bailly. a.a.a. I/ 181-182; Barker, a.a.a., 75; Paul Pauparde, Le Papa, PUF, Paris 1980, 19.

[39] Маалымат үчүн караңыз, Martin Jugie, Le Schisme Byzantin, Paris 1941, 39-42 .

Чыгыш чиркөөсүнүн папалары сакал коюуусу, ал эми Батыш чиркөөсүндө сакал койбоо диний принцип катары эсептелген[40].

«Уул» маанисиндеги латынча «филиог» (Filioque) терминин Батыш чиркөөсү тарабынан ыйман негиздерине кошулушу Чыгыш жана Батыш чиркөөлөрүнүн бөлүнүшүнүн эң негизги себептеринен болгон. Изник курултайында аныкталган (такталган) ыйман негиздеринде Юхана инжиминдеги «Атадан берилген Ыйык рух»[41] сөзүн далил катары алып, ыйык рухтун Атадан балага берилери баяндалган.

Изник курултайында такталган ыйман негиздеринде VII-VIII кылымдарда Испанияда «филиог» сөзү кошулуп жана ыйык рухтун бир гана атадан эмес уулда да пайда болору белгиленген. Ушул кошумча динде жергиликтүү зарылчылыктан улам пайда болгон бул аймакта «монотесист- теңир» түшүнүгүнө ээ болгон адистерден кийин ачык-айкын жалгыз Кудайга ишенүүнүн (Тавхыд) колдоочулары болгон мусулманчылыктын таралышынын натыйжасында теңир түшүнүгүнө байланыштуу проблемалар христиандарды өтө тынчсыздандырган. Айрыкча, өз ара проблемаларынан болгон Аз. Ыйсаны кудайлаштырууну кабыл албаган арийлерге каршы Ыйсанын кудайдыгын коргоо максатында «филиог» сөзү кошулган[42].

Испанияда жергиликтүү себептерден улам ыйман негиздерине кошулган «филиог» сөзүнүн Император Генри IIнин буйругу менен базар кунку ыбадатта окулган дубага 1014-жылы папа VIII ыйык рухтун атадан гана уулга келген деген маанидеги «филиогун» расмий түрдө кошкон.[43] Батыш чиркөөсүнүн «филиого» кошумчасын аябай талап кылуусу Чыгыш чиркөөсүнүн уулдун өкулү (Пиердин мурасчысы ошондой эле өкулү катары) болгондугу тууралуу пикирин колдогон Батыш чиркөөсүнө баш ийбөөсү үчүн каршы чыгуусу катары ойлогондор да чыккан.[44]

Жогоруда айтылгандай диний маданий жана саясий келишпестиктерден улам Стамбул жана Рим чиркөөлөрүнүн арасындагы байланыштар узак убакытка чейин үзүлгөн.Бул учурда Христиан дүйнөсүн диний проблемалар сыяктуу саясий проблемалар дагы убара кылган. Басымдуу бөлүгү грек колониясы болгон Сицилия Нориеттер тарабынан басып алынууга багытталганда 2 жакка тең пайда келтирген тынчтык келишимин түзүү зарылчылдыгы келип чыккан. Бул максат менен Стамбул менен жакшы мамилелерди түзүүнү каалаган Рим диний гана эмес, саясий келишпестиктерди жоюу максатында делегация жиберишкен. Римди кызыктыргандай эле Византияны дагы түздөн-түз кызыктырган проблеманы чечүү үчүн келген өкүлчүлүк ошол эле учурда негизги тынчсызданууга себеп болгон диний бөлүнүүнү жоюуну да каалашкан.[45]

Папа Гион IX тарабынан 1054-жылы Стамбулга жөнөтүлгөн Кординал Умбортонун жетекчилигиндеги өкүлчүлүгү, Стамбул патриархы тарабынан тосулуп алынган. Бирок Умберто жакшы мамиле кылуу ордуна патриархтын алдында аткарылуусу керектүү болгон эрежелерге да баш ийген эмес, буйрук

---

Маалымат үчүн караңыз: Elizabeth Behr-Siegel, "Le Schisme du 1054, Origines, Consequences, Perspectives Nouvelles", Supplement au S.O.P, Mart 1984, Nu. 86, s.2.

[41] Yuhanna, XV/26.

[42] Behr-Siegel. а.а.м. 5.

[43] Martin Vincent, «Aspect Théologique du Filioque», Эrenikon, Belgique 1989, LXII/36.

[44] Маалымат учун караныз: Albert M.Bernard, "Katolik Mezhebi", Din Fenomeni, (зeviren Mehmet Aydэn), Konya 1992, 174.

[45] Behr-Siegel, а.а.м, 1-2 , беттер.

берүү сыяктуу мамиле кылган. Ушул себептен патриарх 2 жолу өзүнө кабыл алган эмес. Патриарх менен жолугуша албаган Умберто 15-июлда 1054-жылы жергиликтүү дин кызматкерлерин динден чыгаруу тууралуу билдирүүсүн Аясофияда жарыялаган жана анын натыйжасында Стамбулдан чыгып кеткен.[46] Ошондуктан, 2 чиркөөнүн өз ара келишпестиктеринин натыйжасында Стамбул патриархы жергиликтүү курултай уюштуруп, Рим чиркөөсүн динден четтеткен.[47]

1054-жылдагы Рим жана Стамбул чиркөөлөрүнүн ортосундагы бири-бирин динден чыгарууларына Чыгыш Христиан чиркөөлөрү кийлигишкен эмес. Бирок, Исламдын жайылышына тоскоолдук кылуу максаты менен Анатолиа жана Жакынкы Чыгышка (жасаган) жөнөтүлгөн Крестүүлөрдүн жоортуулдары убагында Йерусалим жана Антиокиада латын (рим) чиркөөлөрүнүн курулушун, ал жактарда мурдатан бери болгон жана Ыйсанын шакирттери тарабынан курулгандыгына ишенген чиркөөлөр, муну жакшы кабыл алышкан эмес. Анын натыйжасында Чыгыш чиркөөлөрү Рим менен болгон байланыштарын таптакыр үзүшкөн.[48]

Чыгыш жана Батыш чиркөөлөрүнүн бул келишпестиктеринин натыйжасында бөлүнүүлөрдөн кийин бул чиркөөлөрдү кайра бириктирүү максатындагы аракеттери үзгүлтүксүз улана берген. Бирок, баса белгилеп кетүүчү нерсе, тарыхый окуялар келишпестиктерди чечүү мындай турсун кайра араларындагы жаңжалды ого бетер күчөткөн. Айрыкча, Крестүүлөрдүн төртүнчү жоортулу бул маселе боюнча абдан зыяндуу жыйынтыктарды берген.

1204-жылы Египетке баруу үчүн жолго чыккан крестүүлөрдүн аскерлери пикирлерин өзгөртүп, Стамбулга багыт алышкан жана ал жерде жашаган христиандардын ортолорундагы ишенич келишпестиктеринен улам баскынчылык талоондорун жүргүзүшкөн. Крестүүлөрдүн аскерлери Стамбулдагы ыйык жерлерге көптөгөн зыяндарды келтирген, иконаларды талкалашкан, дин (кызматчыларын) адамдарын дарга асышкан, Чыгыш христиандары тарабынан ыйык деп эсептелген кишилердин күмбөздөрүн талкалашкан, ал жердеги кымбат баалуу буюмдарды алышкан, муну менен эле чектелип калбастан Истамбулда Латын патриархы түзүлгөн жана калкты күч менен латындаштырууга аракет кылышкан.[49]

1071-жылдан баштап түрктөрдүн Анатолияга келүүсүнөн кийин оор абалда калган Византия мамлекетинин жетекчилери калкка жана дин адамдарына карабастан түрктөргө каршы Батыштагылардын көмөгүн алуу максаты менен Рим чиркөөсүнүн талаптарына баш ийген жана ишенич маселесиндеги мажбурлоолорун кабыл алгандай мамиле кылышкан. Бул максатта 1274-жылы уюштурулган (Лион) Leone курултайында жылуу мамиле көрсөтүлгөн, жана 1431-1438-жылдардын арасында биле-Ферарре-Флоренция курултайында Батыш Чиркөөсүнүн ишенич тууралуу талаптарына Византия императору жана Стамбул Патриархы моюн сунушкан. Бул курултайда Араф (өлгөндөн кийин рухтардын кыяматка чейинки турган жери) жана нан-шарап ибаадатынын (Йефхаристиа) айланасында келишим түзүлүп Рим чиркөөсүнүн Епискобуна Пиердин мурасчысы Ыйсанын чыныгы өкүлү катары бүткүл дүйнөлүк чиркөөнү башкаруу укугу берилгендиги ишеними кабыл алынган. Бирок Византия эли жана руханий таптын көпчүлүгү каршылык көрсөтүшкөн. Түрктөргө каршы

[46] Martin Jugie, 208-210
[47] Aydin, Hiristiyanlik, 26
[48] Behr-Siegel, a.a.м, 2.
[49] Маалымат үчүн караңыз, Clément, a. a. м, 205.

Батыш христиан дүйнөсүнүн жардамына үмүттөнгөн Византиялыктар түрктөрдү жакындан тааныгандан кийин жана Римдиктердин крестүү жортуулдары учурунда (жасаган) кылган иштерине күбө болгондон кийин «Стамбулда Латын баш кийиминен коргоп, түрктөрдүн селдесин көргөндү каалайбыз» деген сөзү менен аларга каршы экендигин билдиришкен[50]. 1453-жылы түрктөрдүн Стамбулду багындарып алуусу менен христиандардын арасындагы биригүү мүмкүнчүлүгү жок болгондугунун натыйжасында монофизиттиктен кийин Православдык жана Католиктик сыяктуу чоң мезхебдер пайда болгон.

## B.Протестанттыктын келип чыгышы

Чыгыш жана Батыш чиркөөлөрү Православ жана Католик деп экиге бөлүнгөндөн кийин папалык бардык жактан үстөмдүгүн күчөтүүнү уланткан, ишенич мажбурлоолоруна каршы баш көтөрүүлөргө дуушар кылган. Бул учурда Католик чиркөөсү аныкталган ишенич негиздерине карама-каршы көз караштарды айткандарды динден чыгарышкан эмес, ал эми илим-билимде табылган жаңы ачылыштарды динсиздик деп (сүрөттөшкөн)эсептешкен. Ушуну менен эле чектелбестен католик доктиринасына туура келбеген ар түрдүү ишеничтерди куугунтуктап жазаландыруу үчүн инкивизация сот мекемелерин курушкан. Буга каршы XV кылымда Стамбулдун багындырылышынан кийин исламдын билим жана илим тармагындагы окумуштууларга көңүл буруусу христиан дүйнөсүндө таң калуу менен кабыл алынган. Ошол эле кылымдын аяк чендеринде географиялык ачылыштар жана көтөрүү иш аракеттери грек-рим искусствосунун кайра жандануусуна жол ачкан жана реноссансты (кайра жаралууну) пайда кылды. Реносанстан кийин христиандардын ортосунда динде дагы жаңы реформа керек деген пикирлер жайыла баштады. Бул таасирлердин натыйжасында XVI кылымда реформа агымдары, кийинчерээк протестант чиркөөлөрү түзүлгөн.

«Простестант» термини биринчи жолу 1529-жылы колдонулган. Бул тарыхта алардын топтолгон жыйынында азчылыктын диний статусунун көпчүлүктүн чечими менен аныкталуу талабын каалашы Лутердин талапкерлери тарабынан четке кагылган. Бул окуядан кийин реформисттер баш көтөргөндөр маанисиндеги «протестант» сөзү менен атала баштаган.[51]

Реформисттик агымдар XVI кылымдын башынан кийин пайда боло баштаса да, анын көрсөткүчтөрү мурдатан эле (божомол түрдө) байкалган. Бир топ киши же болбосо группа Лютерден мурун анықина окшош ой-пикирлерди колдогон, бирок Католик чиркөөсүнүн куугунтукталуусунун натыйжасында максаттарына жетише алышкан эмес. Мисалы, XII кылымда Франциянын түштүгүндө папалыктын көз караштарын кабыл албаган «Албилилер» деп аталган агым пайда болгон. 1209-жылы Папа Инкент III аларга каршы крестүүлөрдүн жоортулдарын баштаган, анын натыйжасында миңдеген адамдар тирүүлөй отко жагылган жана кылычталып өлтүрүлгөн.[52]

Папалыктын ишенич тууралуу мажбурлооруна каршы чыккандардын бири А.Е.Лиондук- Пиеревальдо болгон. Ал 1175-жылы бардык байлыктарын

---

[50] Dom Pierre Dumant, "Byzance après Byzance: 1453-1953", İrenikon, Belgique 1953, XXVI/162; Siegel, a. a. ì,3; Clément, a. à. ì., 205

[51] Jean Boisset, Histoire du Protestantisme, PUF, Paris 1970, 11; Roger Mehl, La Theologie Proestante, PUF, Paris 1967, 249; Aydən, Hərisiyanlik, 129-130.

[52] Маалымат үчүн караңыз. Barker, a.a.a,. 98.

кайрымдуулук фонддоруна өткөрүп, өзү динге берилет жана кечилдикти негиз кылган түшүнүктү ортого койгон. Анын ушул ой-пикирлери тегерегиндеги көптөгөн кишилер тарабынан жакталган. Ал папанын жана руханий таптын колдонгон диний укуктарына ээ эместигин баса белгилешкен. Арабга (рухтардын турган жери) ишенишпегендигин ачык айтышкан, айрыкча христиандардын эң маанилүү ибадаттарынын бири болгон нан-шарап ибадатына колдонулган нандын жана шараптын чындыгында Ыйсанын этине жана канына айланбагандыгын, булар болгону символ түрүндө болгондугун айтышкан. Чындыгында анын пикирлери папалыктын сындоолоруна дуушар болгон. 1488-жылы Вальдонун көз караштарын жактаган христиандарга каршы крестүүлөрдүн жортуулдары христиандарга каршы бет алган. Бирок алардын жашаган аймактары тоолуу болгондуктан толугу менен жок кыла алышкан эмес. XVI кылым протестанттык пайда болгонго окшогон ой-пикирлерден улам алардын көпчүлүгү протестант агымына киришкен.[53]

Папалык тарабынан аныкталган догмаларга да каршылыктар болгон. Жон Вуслив (1320-1380) Рим чиркөөсүнө көз карандылыгына карабастан руханий таптын ээ болгон укуктары жөнүндө инжилдерде эч бир сөз болбогондугун белгилеген. Өзгөчө, ал чиркөөнүн катасыздыгына ишенүүсү, чиркөө тарабынан күнөөлөрдүн кечирилиши жана ыйык нерселерге табынууну четке каккан[54]. Жогоруда келтирилген мисалдардан улам протестанттыктын ишенимине окшогон ишенимдер протестанттыктын негиздөөчүсү Литерден мурун да христиандардын арасында болгондугу ачык-айкын көрүнүп турат.

Папалык уюму ич ара маселелер менен алектенген. 1378-1415-жылдарда Авигнондо, Римде бирден папа болгон жана бири бирин динден чыкты деп жарыялашкан.[55] Айрыкча, кээ бир папалардын мүнөзүнүн начардыгы да калк арасында папалык уюмуна ишенбөөчүлүктөрдүн келип чыгышына себеп болгон.

Чиркөөдө мурдатан болуп келген жана күнөөлүүлөргө берилген жазанын кээ бир маарекелерде, же болбосо башка жолдор менен жок кылынуусу сыяктуу, чиркөөгө акы төлөө жолу менен күнөөлөрдүн кечирилиши тууралуу күбөлүгүн (Enduljans) алуу ишеничи бар эле. Бул ишке көбүрөөк маани берген Папа Сикстуз IV 1476-жылы арафтагы арбактар үчүн дагы куткаруу күбөлүгүн ала тургандыгын жарыялаган. Ушул буйрук менен адамдар тууган-туушкандарынын арафта болгон арбактарын ушул кагаз менен куткара алышат.[56] Кийинчерээк чиркөө бул буйруктун негизинде көп киреше булагына айланган. Римде курула баштаган Сан Пиетро улуу чиркөөсүнүн чыгымына керектүү болгон акчаны камсыз кылуу максаты менен Папа Лео X (1523-1531) эндулжаистин сатылуусун көбөйтүү максатында компания ачкан. Ушул компания Германияда Тедзел деген бир кечил тарабынан толугу менен дин ээзүүчүлүгүнө айландырылган. Тедзел адамдардын өтүп кеткен адамдарынын арбактары үчүн ала турган багыш күбөлүгү аларды толугу менен куткара тургандыгын жарыялайт.[57] Анын үстүнө ал мындай деп айткан: «Тыйындарыңыз чиркөөнүн сандыгында шыңгыраган

---

[53] Barker, a.a.a., 100

[54] Barker, a.a.a., 101-102.

[55] Маалымат үчүн караңыз: Pauparde, a.a.a.. 23-26; Barot, a.a.a., 16; Barker, a. a. a., 93-94.

[56] Маалымат үчүн караңыз: Richard Stauffer, Reform, (çev. Cem Muhtaroglu), İstanbul 1993, 19.

[57] Stauffer, a.a.a. 17-19; Barker, a. a. a., 112.

учурда өтүп кеткен жакындарыңыздын арбактары азаптан кутулуп, бейишке багыт алат»[58]

Немец теологу Лютер, папалыктын бул жасаган иштерине калктын каршылык көрсөтүүсүнүн бир белгиси катары 1517-жылы Wrlfenderg ордосундагы чиркөөнүн дарбазасына 95 статьядан турган билдирүүлөрүн илген[59]. Лютер адамдардын куткаруу күбөлүгүн сатуу менен алардын жалган тобо кылууга багытталгандыгын баяндаган. Айрыкча Лютер күнөөлөрдү кечирүү укугу папага эмес Исага тиешелүү болгондугун, адамдардын куткарылуусу жасаган кайрымдуулук иштерине эмес, Исага болгон ишенимине байланыштуу болгондугун айткан.[60] Ал ибадат тилинин жалгыз гана латын тилинде болуусун жана чиркөөнүн адамдарды ыйык китептин кол астында тутуусуна каршы чыккан. Бул түшүнүгүн ишке ашырган жана Инжилди немец тилине которгон.

Папалык Лютердин жасаган бул иш аракетин алгачкы убакыттарда анчалык этибарга алган эмес. Бирок, Лютердин ой-пикирлери элди өзүнө тарта баштаганда, аны бул ой-пикирлеринен баш тарттыруу үчүн папалык аябагандай зор аракеттерди жасаган. Ой-пикирлеринен баш тартпаган Лютердин жактоочулары көбөйө берген. Анын натыйжасында папалык аны жана анын жактоочуларын 1627-жылы 3-январда афароз кылган (динден чыгарган)[61].

Лютердин максаты жаңы мезхеб куруу болгон эмес. Ал жаңыча толуктоолорду киргизип, чиркөөнү реформалаштырууну каалаган. Бирок, Папалыктын эч убакта муну жактырбоосу Лютер тарабынан башталган бул кыймылдын мезхеб катары чыгуусуна себепчи болгон. Эң кыска мөөнөттө Бермьниянын көпчүлүк аймагы жана Скандинавия өлкөлөрүнүн дээрлик көпчүлүгү кийинчерээк «Лютеранизм» деп аталган мезхебке киришкен.

Бул өзгөрүүлөр башталышында эле реформага каршы чыккан Католик чиркөөсүндө таасирин көрсөткөн. Папалык реформистердин ой-пикирлеринин аз да болсо туура экендигине ишенген адамдарды өзүнө тартуу үчүн 1545-жылы Горонтада курултай уюштурган.1563-жылга чейин созулган бул курултайда Католик чиркөөсүнүн ыйман жана кудай жолунда жүрүү темасындагы ишеними ачык-айкын айтылган. Реформа кыймылына реакция катары уюштурулгандыгынан улам бул курултай «Каршы реформа» деп аталган.[62]

Лютер баштаган реформа кыймылы Европанын көптөгөн жерлеринде жаңы реформисттердин чыгуусуна себеп болгон. 1524-жылдан баштап Францияда Джон Келвин, Швецияда Укрих Звинкли өздөрүнө тиешелүү реформа кыймылдарын баштакшан.[63] Звинкли реформа кыймылын Лютерге көз карандысыз түрдө жүргүзгөн, мекендештеринин Папанын армиясында жалданма аскердик кызмат өтөөлөрүнө жана Эндулжанттын берилүүсүнө катуу каршы чыккан. 1522-жылы Цюрихте Рим чиркөөсүнө көз карандысыз диний коом курган.[64]

Реформа кыймылын Келвин чиркөөнү башкаруу темасында реформистерден бөлөкчө көз-караштарды айткан. Анын үгүттөгөн системасында

---

[58] Boisset, a.a.a., 16; Barker, a.a.a. 112.

[59] Маалымат үчүн караңыз. Georges Gasalis, Luther et l'Eglise Confessante, Bourges 1966, 69; Mehl a.a.м., 247.

[60] Маалымат үчүн караңыз. Gasalis, a.a.a. 69-74; Stauffer, a.a.a.20-23.

[61] Stauffer. a.a.a., 29; Mehl: a.a.a., 249.

[62] Güngör. a.a.a. 27.

[63] Маалымат үчүн караңыз. Àydın, Hıristiyanlık, 133.

[64] Barker, 117-118

чиркөөнү башкаруу, поптор жана руханий тапка тиешеси болбогон адамдардан турган комиссияга берилген. Чиркөөнү башкарууга руханий тапка тиешеси болбогондорду киргизгенине карабастан, ал түрдүү ишенимдерге жумшак мамиле кылган эмес. Келвин өзүнүн түшүнүгү боюнча Женевада теократиялык башкаруусу куруп, буга каршы көз-караште болгондорду шаардан кубалаган. 1553-жылы «Үчтүк» догмасын четке каккандыгы үчүн Михайл Серватос аттуу бир аалымды отко жактырган.

Келвиндин эң башкы ой-пикирлеринин бирөө тагдыр темасында болгон. Анын оюу боюнча адамдын күнөөдөн куткарылуусу кудайдын өз калоосуна байланыштуу болгон. Кудай адамдарды жаратуудан мурун алардын тагдырын жазган. Кээ бир адамдарды кутулууга, кээ бирөөлөрүн тозокто азаб чегүү үчүн жараткан.[65] Келвин тарабынан башталган реформа Швецияда, Францияда, Венгрияда жана Голландияда көптөгөн тарапкерлерди топтогон[66]

Кийинчерээк Англияда реформанын натыйжасындагы кыймыл ишеним туурасындагы келишпестиктерден эмес, папалык менен Англия королунун ортосундагы талаш-тартыштардан келип чыккан. Мындан мурда католик Хенри VIII саясий себептерден улам үйлөнгөн агасынын жесир аялы Катерина менен ажырашууну каалаган. Кантсе дагы, папалык тарабынан 1530-жылы кээ бир өзгөчө абалдарда гана ажырашууларга уруксат бериле тургандыгы мунун бул калоосун четке каккан. Ушундан улам Бенри VIII 1531-жылы өзүн «Англия чиркөөсүнүн туруктууу өкүмдары» деп жарыялаган жана 1532-жылы папалыкка төлөнүүчү жылдык салыктарды жойгон. Бул процесс улана берген жана 1549-жылы Англия чиркөөсүнүн ишеним негиздерин камтыган «Жалпы дуба китеби» (Praer Book) аттуу китеп расмий ишеничте негиз катары кабылданып реформаны иш жүзүнө ашырууга багыштаган. Бул чыгарма католик окуусун ашкере сөздөр менен четке какпастан реформисттик көз-караштарга орун берип, экөөнүн ортосундагы бейтараптыкты көздөгөн орто жолдор көздөгөн.[67] Ошентип, ибадаттарда католик чиркөөсүнө, ишенимде протестант чиркөөлөрүнө жакындашкан натыйжада да «Англичан чиркөөсү» деп аталган жаны христиан агымы пайда болгон.

Протестанттар, негизги маселелерде окшош ишенимдерге ээ болгонуна карабастан, өз ара ишеним бүтүндүгүн түзө алышкан эмес. Демек, мурунку убактарда түрдүү ишеним жана түшүнүктөргө ээ болгондуктарынан улам католик чиркөөсүнүн зулумдуктарына учураган жана буга наразычылык көрсөтүшкөн. Кийинчерээк протестант чиркөөлөрү (мезхебтер) өздөрү да бири-бирине каршы ырайымсыз мамиле кылышкан. 1520-жылдан мурда пайда болгон жана бөбөктөрдү курман кылууну туура көрбөгөн, анабартиздердин (кайрадан вафтиза кылынгандар түшүнүгү) көпчүлүгү башка протестанттар тарабынан сууга тумчуктурулуп өлтүрүлгөн.[68]

XVI кылымдын аягында протестанттардын бөлүнүү процесси улантылып келген. Бул доордо Англияда «Англикан» чиркөөсүнөн ажыраган бир топ конгрегоссионалист чиркөөлөрү пайда болгон. Бул чиркөөлөр өзгөчө жергиликтүү чиркөөлөрдүн башкаруусуна маани берген. АКШга алгач жер көтөргөн христиандар конгрегоссионалистер болгон.[69]

---

[65]Маалымат үчүн караңыз: Boisset, a.a.a., 57-58; Barker, a.a.a., 120-121.

[66] Barot, a.a.a., 17-18.

[67] Маалымат үчүн караңыз. Stautfer, a.a.a., 105-107-беттер.

[68] Barker, a.a.a., 123 бет

[69] Barot, a.a.a., 18.

XVII кылымда бөбөктөрдү вафтиза кылууну кабылдаган жана вафтиза учурунда бүтүндөй дененин суугa салынуусун колдогон «баптис» агымы пайда болгон 1611-жылы Голландияда пайда болгон чыккан диний кыймыл кийинчерээк Лондонго келип жана Томас Елвейстин жетекчилиги менен коом түзүлүп Англикан чиркөөсүнөн бөлүнүп чыккан. Ушул себептен аларга кароолдук тарабынан зордук-зомбулук көрсөтүлгөн. Андан кийин айрымдары Англияда жашоосун уланткан дагы, калгандары АКШга көчүп кеткен. Бүгүнкү күндө АКШда активдүү түрдө жашап келүүдө.[70]

Христиандар арасындагы бөлүнүүлөр XVIII кылымда улантылган. Ушул эле кылымдын орто чендеринде Джон Вослей жаны бир кыймыл баштаган. Ал жекече динчилдикке өтө маани берген жана руханий жашоо методун сунуш кылган. Ал өз көз-караштарын жайылтуу үчүн көп саякаттарды жасаган, чогулуштарды уюштурган, адамдарды толкунданткан лекцияларды окуган. Анын бул иш аракеттеринин натыйжасында Англикан чиркөөсүнөн бөлүнгөн жаны агым пайда болгон John Veslei методикага өтө маани бергендиктен бул агымга «методизм» аты берилген. Азыркы учурда бул агым өзгөчө АКШда таасирдүү.[71]

Христиандар арасындагы бөлүнүүлөр 1650-жылы Кувейклордун, 1830-жылы мормондордун, ошондой эле 1831-жылы адвентистердин келип чыгуусуна себепкер болушкан. Ушул тапта да агым жана тарикат түрүндө бөлүнүп-жарылуулар уланылууда.

Протестандыктын пайда болушуна чейинки тарыхый процесте христиандардын арасындагы бөлүнүүлөрдү изилдеген бул макалабызда, алардын бөлүнүүсүнө себеп болгон үч нерсе көңүлүбүздү буруудa. Алардын биринчиси, «Үчтүк» ишеними. «Үчтүк» ишениминин экинчи элементи Ыйса менен байланыштуу. Ариусчулардын, ностурийлердин жана монофизиеддердин келип чыгышына Үчтук ишениминин өнүгүү процессинин натыйжасындагы талаш-тартыштар себеп болгон. Чыгыш жана Батыш чиркөөлөрү болуп бөлүнүүгө да мурда пайда болгон «Үчтүк» ишенимине «уул» (filioque) сөзүнүн кошулушу себеп болгон. Үчтүк ишеничинин акылга каршы келиши жана түшүнүксүздүгү тарыхта христиандардын бөлүнүүсүнө эң чоң таасирин тийгизген. Бүгүнкү күндө ушул сыяктуу талаш-тартыштар улантылууда жана «Үчтүк» ишенимин четке каккан агымдарды жолуктурууга болот.

Христиандар арасындагы 2-чоң бөлүнүүгө протестанттыктын пайда болушу да өтө маанилуу роль ойногондугу ачык-айкын. Биринчи этаптагы бөлүнүүлөрүнө көбүнчө ишенич сыяктуу темалар себеп болгон. Ошондой эле, бул проблемалар протестандыктын пайда болушуна, бирок бул мезгилде диний себептерге караганда материалдык себептер көбүрөөк таасирин тийгизген. Күнөөлөрдү кечирүү, чиркөөнү башкарууга окшогон талаш-тартыштар, чиркөөдө руханий таптын түзүлүшү жана бул таптын адамдын күнөөдөн куткарылышына таасирин тийгизе албашына байланышкан. Адамзаттын куткарылышында чиркөөнүн жана чиркөө кызматкерлеринин канчалык ролу бар экендиги Лутер, Зивинклин жана Калвиндин өтө маани беришкен маселелеринин биринчиси болгон. Бүгүнкү күндө христиан мезхебдеринде ушул сыяктуу талаш-тартыштар

[70] Маалымат үчүн караңыз Barker, a.a.a., 165-166; Boisset, a.a.a. 87-88; Claude-Jean Bertrand, Les Eglises aux Etats Unis, PUF, France 1975, 77-79.

[71] Маалымат үчүн караңыз. Boisset, a. a. a., 91-93; Barot, a. a. a., 18-19; Barker, a. a. a., 180-183.

улантылып, күндөн күнгө (бара-бара) жаңы теориялар келип чыгууда. Анын натыйжасында жаны диний коомдор, диний агымдар тузулуп жатат.

Христиандардын бөлүнүшүнүн эң маанилүү темаларынын бири Ыйык китептеринде ишенимге тиешелүү маани маңызынын жана акылга сыйбаган сөздөрдүн көп болушу жана ишеним принциптеринин ачык-айкын, так эместигинде турат. Айрыкча, бул китептер Азирет Ыйсадан көп убакыт өтпөй эле христиандардын арасында ишенич жана адеп-ахлактан сырткары жол-жоболордо дагы бир топ келишпестиктердин болгондугун маалымдайт. Макалабыздын башында айтылгандай Еуда шариятына баш ийип-ийбөө маселесине анык далил болот.